1

**БЕКИТЕМИН:**

**Бишкек шаардык мэриясынын**

**билим беруу башкармалыгынын**

**башчысынын милдетин**

**аткаруучу**

**Брызгалова О.А**

**№____ от «   »_   20   ж**

**№ 57 жалпы билим беруучу орто**

**мектеби мекемесинин**

# УСТАВЫ

**№ 57 жалпы билим берүүчү орто**

**мектеби мекемесинин**

**Уставы**

**I. Жалпы жоболор.**

1.1 **№ 57 жалпы билим беруучу орто мектептик мекеме** ( мындан ары - жалпы билим беруучу уюм] жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим беруунун, жалпы билим беруунун программаларын ишке ашыруучу муниципиалдык жалпы билим беруучу уюм болуп эсептелет.

1.2 Жалпы билим беруучу уюмдун уюштуруучусу болуп саналат:

а) «Бишкек шаарынын мэриясынын билим беруу башкармалыгынын» мекемеси.

1.3. Жалпы билим беруу уюмунун уюштуруучу-укуктук формасы-муниципиалдык жалпы билим беруучу мекеме.

1.4. Жалпы билим беруучу уюм езунун ишмердуулугунде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын,Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын билим беруу жана илим министрлигинин буйруктарын жана керсетмелерун, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.5. Жалпы билим беруучу уюм чексиз меенетке чейин тузулет жана Кыргыз Республиксынын мыйзамында бекитилген мамлекеттик каттоодон етет.

1.6. Жалпы билим беруу уюмдун толук аталышы :
Официалдуу тилде - Учреждение "Средняя общеобразовательная школа № 57"
Мамлекеттик тилде -«№57 **жалпы билим беруу орто мектеби» мекемеси.**

1.7 Жалпы билим беруучу уюмдун юридикалык дареги Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, көч. Интергельпо 2

**II. Укуктук статус**

2.1. Жалпы билим беруучу уюм каржылык-чарбалык жана укуктук ез алдынчалыкка, обочолонгон мулкке, ез алдынча балanска, меерге, мамлекеттик жана официалдуу тилдердеги аталыштары менен штамптарга жана бланктарга, казыналык жана башка финансылык-насыялык мекемелерди эсепке жана ездук эсепке ээ юридикалык жак болуп саналат.

2.2. Мүлк ыкчам башкаруу укугуна жалпы билим берүүчү уюмга бекитилген, аны Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык пайдалануу жана башкаруу, ээ болуу укугун жалпы билим берүүчү уюм ишке ашырат.

Жалпы билим берүүчү уюмдун мүлкүнүн курамына кире алат: негизги каражаттар, ээлеген имараттар, жабдыктар,инвентарь (буюмдар), жер тилкелери жана башка мүлктөр.

2.3. Жалпы билим берүүчү уюмга менчик акча каражаттары, мүлктөр жана жеке адамдар менен юридикалык адамдар тарабынан белекке берилген, тартуу кылынган же мураска калтырылган башка менчик обьектилер, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдун өздүк ишкердүүлүгүндө топтолгон кирешелер, бул кирешелерден алынган менчик обьектилер таандык.

2.4. Жалпы билим берүүчү уюм ылайык келүүчү органдын макулдугу менен мыйзамдын чегинде ага бекитилген мүлктөрдү ижарага берүүгө укуктуу. Мүлктүн ижарасынан алынган киреше уставдык максаттар үчүн колдонулат.

2.5. Жалпы билим берүүчү мекеме бардык жарандык-укуктук келишимдерди мыйзамдын чегинде ишке ашырууга, сотто доочу жана жоопкер болууга, башка укуктарга жана милдеттерге ээ болууга укуктуу.

2.6. Жалпы билим берүүчү уюмдун ишкердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамынын чегинде бекитилген тартипте жана шартта атттестацияланат.

2.7. Уюштурулуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамында бекитилген тартипте жана чегинде жалпы билим берүүнү уюштуруунун милдеттери боюнча жоопкерчиликти алып жүрөт.

## III. Жалпы билим берүүчү уюмдун ишкердүүлүгүнүн предмети жана максаттары.

3.1. Жалпы билим берүүчү уюмдун негизги максаты болуп жалпы билим берүүчү программалардын мазмунунун милдеттүү минимумун өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, аларды турмушка жана коомго адаптациялоо, аң-сезимдүү тандоо үчүн негиздерди түзүү жана андан аркы кесиптик билим берүүнүн программаларын өздөштүрүү, жарандыкты тарбиялоо эсептелет.

3.2. Жалпы билим берүүчү мекеменин ишкердүүлүгүнүн предмети болуп жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү ишке ашыруу эсептелет.

## IV. Ишкердүүлүктүн негизги принциптери.

4.1. Жалпы билим берүүчү уюм принциптердин негизинде аракет кылат:

- сапаттуу билим алууда Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктарынын бирдейлиги;
- мамлекеттик билим берүүчү стандарттарды аткаруу;
- билим берүүнүн натыйжалуу системасын түзүү;
- жалпы билим берүү уюмунун финансылык автономиясын камсыздоо;
- мамлекеттик каржылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу;
- 1 окуучунун эсебинде бирдиктүү стандартташтырылган нормативдик каржылоонун негизинде жалпы билим берүүчү уюмдарды бюджеттик каржылоону камсыздоо;
- мамлекеттик жана муниципиалдык окуу мекемелеринде башталгыч жана негизги билимди, жалпы орто билимди ар бир жарандын алуусунун милдеттүүлүгү жана акысыздыгы;
- кошумча билим берүүдөгү кызмат кылуунун төлөмдөрүнөн алынган жана башка кызмат кылуудан алынган кирешелерди өзүнчө баланста эске алынган кирешелерди өз алдынча бөлүштүрүү;
- жалпы билим берүүчү уюмдардын бүтүндөй каржылык ишкердүүлүгүнүн коомдук мамлекеттик көзөмөл үчүн ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү.

## V. Укуктар жана милдеттер.

5.1.Жалпы билим берүүчү уюм милдеттерге жетишүү үчүн өзүнүн функцияларынын ишке ашырууда укуктарга ээ.

- чыгашалардын сметасын өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө,аларды өзгөртүүгө;
- өзүнүн материялдык-техникалык,чарбалык жана кадрлык ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;
- жалпы билим берүүчү уюмдардын ишкердүүлүгүн жөнгө салган мыйзамдын талаптары менен ылайык билим берүү процессин уюштурууга;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен базистик окуу планын, мамлекттик билим берүүнүн негизинде окутуунун программаларын иштеп чыгууга,кабыл алууга жана ишке ашырууга;
- жалпы билим берүүчү программаларды ишке ашырууну камсыздоого;

- «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизги жоболоруна ылайык окутуунун жана тарбия берүүнүн формаларын, каражаттарын жана методдорун түзүүнүн жана колдонуунун, тандоонун өз алдынчалыгына;

- жалпы билим берүүчү уюмдарда кабыл алуунун тартибин бек камсыздоочу;

а) Негизги жалпы билимди алууга укугу бар, ошол аймакта жашаган бардык окууга тийиштүү адамдарды жалпы башталгыч жана негизги жалпы билимди алуунуну баскычында кабыл алууну ( мекемеде бош орундардын жоктугунун себеби боюнча гана кабыл алууда аймакта жашабагандарга макулдук берилбеши мүмкүн );

- конкурстук негизде лицейлердин, гимназиялардын, жалпы билим берүүчү уюмдардын жогорку класстарында орто (толук) жалпы билимди алуу үчүн айрым сабактарды тереңдетип үйрөнүү менен. Конкурстун шарттары жалпы билим берүүчү уюм тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

- «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптары менен ылайык окуучуларды аттестациялоонун ортосундагы мезгилдүүлүктүн жана тартиптин формасынын, баалардын системаларын тандоонун ө алдынчалыгына;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин жөнгө салуучу актылары менен ылайык бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүүгө, жалпы билим берүүчү уюмдун мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билимдин деңгээли жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документти берүү;

- кошумча билим берүүчү программаларды ишке ашырууга жана негизги жалпы билим берүүчү программалардын статусун аныктоочу, анын ичинде (акы төлөп кошумча билим берүүнү тейлөөнү түрлөрү жана формалары) тышкаркы кошумча билим берүүнү тейлөөлөрдүн жана билим берүү процесси менен билимдин мазмунун камсыздоо үчүн зарыл тейлөөлөрдү көрсөтүүгө;

- уюштуруучулардын макулдугу менен же демилгеси боюнча каржылык ресурстарды үнөмдүү пайдалануу билим берүү процессин оптималдаштыруу максаты менен филиалдарды түзүүгө жана жоюуга;

- мамлекеттик, улуттук програмаларды ишке ашырууга катышууга;

-жалпы билим берүү боюнча ишкердүүлүктүн уюштуруу жана жакшыртуу маселелери боюнча мамлекеттик башкаруунун жогорку органдарына жана жетекчилерге сунуштарды киргизүүгө;

- ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга,анын ичинде эл аралык уюмдарга кирүүгө, алардын ишкердүүлүгүнө катышууга;

- ассоциацияларды,союздарды жана башка бирикмелерди түзүүгө,анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү жана жакшыртуу максатында мекемелердин,ишканалардын жана коомдук уюмдардын катышуусу менен түзүүгө катышууга.

5.2.Жалпы билим берүүчү уюм камсыздоого милдеттүү;

- жалпы билим берүүнүн сапатын жана анын мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарына ылайыктуулугун;

- окуучулардын ден соолугун жана турмушун коргоонун талаптарына, жөндөмдүүлүктөрүнө, шыктарына, курактык психологиялык өзгөчөлүктөрүнө билим берүү процессин уюштуруунун формаларын,методдорун жана каражаттарын колдонуунун адекваттуулугун;

- санитардык-гигиеналык нормаларды сактоону;

- билим берүүнүн жакын деңгээлдеринин ортосундагы көчүүчүлүктү жана өз ара аракетти;

- окуучуларды жакшы жашоого пропагандалоого жана санитардык-гигиеналык тарбия берүүгө.

5.3. Жалпы билим берүүчү уюмдарда окуучуларды жалпы билим берүүнүн программаларында, окуу планында жана жалпы билим берүүчү уюмдун Уставында каралбаган эмгекке, алардын жана алардын ата-энелеринин (же аларды алмаштырган адамдардын) макулдугусуз тартууга тыюу салат.

5.5.Жалпы бмлим берүүчү уюмдарда саясий партиялардын ,коомдук-саясий, диний кыймылдардын жана уюмдардын ишкердүүлүгүнө жана түзүүгө жол берилбейт.

5.6. Окуучуларды, тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга, кыймылдага жана партияларга кирүүгө зордоого , ошондой эле алардын компаниялардын жана саясий акцияларга катышуусуна жол берилбейт.

## VI . Билим берүү процесси.

6.1. Жалпы билим берүүчү уюмдарда окутуу мамлекеттик жана официялдуу тилдерде жүргүзүлөт. Мектеп окутуунун тилин окуучулардын жөндөөсү үчүн мүмкүнчүлүктү камсыз кылат.

6.2. Биринчи класска балдар 6 жаштан баштап, бирок 7 жаштан кем эмес жашта,ата-энелердин (же аларды алмаштырган адамдардын) каалоосуна жараша кабыл алынат.

6.3. Окутуу жана тарбиялоо үчүн жалпы билим берүүчү уюмдарга кабыл алуу буйрук менен ишке ашырылат.Кабыл алуу процедурасы жалпы билим берүүчү уюмдардагы кабыл алуунун эрежелери менен жөнгө салынгандыктан,билим берүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамына карама-каршы келбейт.

6.4. Жалпы билим берүүчү мекеме жалпы берүүчү программалардын деңгээлдери менен ылайык билим берүүнүн үч баскычында билим берүү процессин ишке ашырат;

1- баскыч –башталгыч билим берүү (4 жыл);

2- баскыч-негизги жалпы билим берүү (5 жыл);

3-баскыч –орто билим берүү (2 жыл).

Жалпы билим берүүчү уюмдарга жалпы билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарынын негизинде өз алдынча жалпы билим берүүчү уюмдар тарабынан иштелип чыгуучу,бекитилүүчү жана ишке ашырылуучу программаларда аныкталат.

6.5. Жалпы билим берүүчү уюмдарда билим берүү процессин уюштуруу сабактардын жүктөлмөсүнө ылайык базистик окуу планынын негизинде курулат.Мында жалпы билим берүүчү уюмдар график боюнча иштейт.

1 - баскыч-беш күндүк иш жумасы;

2 - баскыч-алты күндүк иш жумасы;

3 - баскыч-беш күндүк иш жумасы,өз алдынча даярдыкка кошумча бир күн.

6.6. Академиялык сааттын узактыгы-45мүнөт,биринчи класста-40мүнөт.

6.7. Ар бир класстардагы жыйынтыктоочу жүк массалык мектептердин окуучулары үчүн максималдуу мүмкүндүк берүүчү милдеттүү жүк болуп саналат.

Мектеп-Лицейлердин,мектеп-гимназиялардын окуучулары үчүн өтө уруксат берилүүчү жүк болуп эсептелет

1-класста – 23 саат

2-3-класста - 28 саат;

4-класста- 29 саат;

5-класста - 34 саат;

6-11-класста – 36 саат.

Жекече план боюнча окутуу окуучулардын,алардын ата-энелеринин жана аларды алмаштырган адамдардын каалоосу боюнча ишке ашырылат.

6.8.Жалпы билим берүүчү уюмдарда класстардын саны окуучулардын санынан жана санитардык нормаларды эсепке алуу менен билим берүү проссессин ишке ашыруу үчүн түзүлгөн шарттардан көз каранды.Класстардын толуктугу 30окуучудан кем эмес санда түзүлөт. 1-11-класстарда кыргыз жана чет тилдери боюнча,5-11-класстарда эмгекке окутуу боюнча,8-11-класстарда ОИВТ боюнча сабактарды аткаруууда 30 толук окуучудан жана андан көп болсо 2 майда топко бөлүнөт.

Жалпы билим берүүчү уюмдар ата-энелердин мыйзамдуу өкүлдөрдүн суроосу жана калоосу боюнча акы төлөөнүн негизинде узартылган күндө окуучулардын тобун,жалпы билим берүүчү мекемелерге окуучуларды даярдоо боюнча топторду ачууга укуктуу.

6.9. Жалпы билим берүүчү уюмдарда окуу жылы 1-сентябрдан башталат.Окуу жылынын узактыгы 1-класста 33жума,кийинкилеринде - 34жума.Окуу жылынын ичиндеги эс алуунун (каникулдун)узактыгы 30календарлык күн,жайында 8календарлык жумаадан кем эмес,1-класстын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча жумалык каникул бекитилет.

Жылдык окуу колендарлык график Бишкек шаарынын мериясынын билим берүү башкармалыгынын макулдашуусу боюнча жалпы билим берүүчү уламдардын педагогикалык кеңешининˊпикирин эске алуу менен жалпы билим берүүчү уюмдардын директорлору менен бекитилет.

6.10. Жалпы билим берүүчү программаларды толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска көчүрүлөт.Кийинки класска бир предмет боюнча окуу жылдын жыйынтыгы боюнча академиялык карызы бар окуучулар шарттуу түрдө көчүрүлөт. Башталгыч, жалпы жана негизги жалпы билим берүүнүн баскычтарында окуу жылындагы программаны өздөштүрбөгөн жана эки же андан ашык предмет боюнча академиялык карызы бар окуучулар кайталап окуучулар кайталап окууга ордунда калтырылат. Окуучуларды көчүрүү кандай гана болбосун педагогикалык кеңешинин чечими боюнча жүргүзүлөт. Баштапкы деңгээлдин жалпы билим берүүчү программасын өздөштүрбөгөн окуучулар жалпы билим берүүнүн кийинки баскычына окууга киргизилбейт.

6.11. Жалпы билим берүүчү уюм окуучунун же анын ата-энесинин (же башка өкүлдөрдүн) каалоосу боюнча жалпы билим берүүчү программаларды же үй-бүлөлүк билим берүү, өзүнө-өзү билим берүү, экстерн же сырттан окуу формасында айрым бөлүмдөрдү өздөштүрүүгө жардам берет.

6.12. Жалпы билим берүүчү уюмдардын башкаруу органдарынын педагогикалык кеңештин чечими боюнча жана жергиликтүү башкаруу боюнча органдарынын жана укукка каршы аракеттерди жасоодогу жашы жете электер менен иштөө боюнча комиссиянын макулдугу менен жалпы билим берүүчү уюмдардын Уставын одоно жана бир нече ирет бузууда педагогикалык таасирдин акыркы чеги катары 15 жашка толгон жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларын чыгарып таштоого жол берилет.

Бир канча жолу тартип бузуунун алдында жалпы билим берүүчү уюмдун директору тарабынан берилген эки же андан көп тартип жазасы түшүнүлөт, эреже боюнча, кайталап тартип бузуу одоно тартип бузуу болуп саналат. Одоно тартип бузуу өзү менен оор натыйжаны алып келген жана алып келүүчү бузуулар таанылат. Алар:

-окуучулардын,кызматкерлердин, жалпы билим берүүчу уюмдардын келүүчүлөрүнүн ден соолугуна жана турмушуна зыян келтирүү;

-билим берүүчү уюмдардын мүлкүнө, окуучулардын, кызматкерлердин, жалпы билим берүүчү мекемелердин келүүчүлөрүнүн мүлктөрүнө зыян келтирүү.

Материалдык зыянды окуучулар жана алардын ата-энелери (же аларды алмаштыруучулар) Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык төлөп беришет.

Жетим балдарды же ата-энелери жок ( мыйзамдуу өкүдөрү) балдарды чыгаруу жөнүндөгү чечим камкордуктун жана кам көрүүчүлөрдүн алдын ала макулдугу менен педагогикалык кенеште кабыл алынат.

Окуучуну чыгаруу жөнүндөгу педкеңештин чечими жалпы билим берүүчү уюмдун директорунун буйругу менен аяктайт. Окуучуну чыгаруу жөнүндө жалпы билим берүүчу уюмдун директору үч күндүн ичинде жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары ата-энелер мыйзамдуу өкүлдөр менен бирдикте бир айдын ичинде чыгарылганга, аны жумушка орноштурууну же башка билим берүүчү уюмдарда окууну улантууну камсыздоочу чараларды кабыл алышат. Чыгаруу процедурасы Кыргыз Республикасынын мыйзамына карама-каршы келбеген жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларды сыйлоо, жазалоо жөнүндөгү эрежелерде кеңири регламенттелет.

6.13. Негизги жалпы жана орто билимдин жалпы билим берүүчү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн милдеттүү жыйынтык аттестациясы менен аяктайт Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтык атттестациясы Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык жалпы билим берүүчү уюмдарда ишке ашырылат.

Жалпы билим берүүчу уюмдун бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтык аттестацияны өткөндөн кийин, жалпы билим берүүчү уюмдун мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билиминин деңгээли жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет. Жалпы билим берүүчү программаларды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөр өзгөчө үлүдөгү күбөлүко жана аттестатка ээ болушат

6.14. Жалпы билим берүүчү уюм акысыз негизде, сабактан сырткаркы учурда КРнын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен кошумча билим брүүну тейлөөнү КРнын мыйзамына ылайык окуучулардын айрым бир контингентине жардам көрсөтөт.

6.15. Жалпы билим берүүчү уюм окуучулардын ата-энесинин каалоосу боюнча, бекитилген окуу планы боюнча ар кандай кошумча акы төлөп билим берип тейлөөнү көрсөтө алат.

6.16. Жалпы билим берүүчү уюмдарда уюштуруучулардын макулдугу боюнча окуучулардын жана алардын ата-энелеринин ( же аларды алмаштырган адамдардын) кызыкчылыктарын эске алуу менен бюджеттик же контрактык негиз боюнча бөлүнгөн каражаттардын чегинде даярдоо класстары ( мамлекеттик, официалдык тилдерге ээ эместер же даярдыгы жок балдар үчүн) коррекциялык топтор ачылышы мүмкүн.

6.17.Жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларын акысыз медициналык тейлөө, тамактануусунун сапатын, нормасын, режимин санитардык-гигиеналык сактоого, дарылоо-профилактикалык иш-чараларды өткөрүүгө жоопкерчиликтүү администрация жана педагогикалык персоналдар менен саламаттыкты сактоонун атайын бекитилген мекемеси камсыз кылат.

6.18.Жалпы билим берүүчү уюмдарда окуучуларды тамактандырууну уюштуруу мектептеги ашкана ( атайын типтеги имарат) аркылуу ишке ашырылат.

6.19. Жалпы билим берүүчү уюмдар билим берүү башкармалыгынын аймактык органынын макулдугу менен, окуу планынына ылайык сабакты тереңдетип үйрөнүүнү караган гимназиялык компоненттер менен класстарды ачууга укуктуу.

## VII . Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери.

7.1. Жалпы билим берүүчү уюмдардын билим берүү процессинин катышуучулары болуп окуучулар, жалпы билим берүүчү уюмдун педагогикалык кызматкерлери, окуучулардын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) эсептелет.

7.2. Жалпы билим берүүчү уюмга кабыл алуунун тартиби «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамы жана ушул Уставда аныкталат.

7.3. Жалпы билим берүүчү уюм тапшырып жаткандарды жана алардын ата-энелерин (аларды алмаштыруучу адамдарды) билим берү процессин уюштурууну регламенттөөчү Устав жана башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

7.4.Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (аларды алмаштыруучу адамдар) укуктары жана милдеттери жалпы билим берүүчү уюмдун Уставында аныкталат.

7.5. Жалпы билим берүүчү уюмдун окуучулары укуктарга ээ:

- «Билим берүү жөнүндөгү» КРнын мыйзамында аныкталган көлөмдөгү жалпы орто билимди акысыз алууга;

- билим берүүнүн айырмасын тандоого; күндүзгү, сырттан, экстернат жана үй-бүлөлүк билим берүү;

- окутуунун тездетилген курсунда жекече окуу программалары боюнчо мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарынын чегинде окууга.
Жекече окуу программасы боюнча окутуунун шарттары жалпы билим берүү уюмдарынын Уставында жана ага ылайык колдонулуучу жоболордо регламенттелет.

- мектептин китепканасындагы китепканалык –маалыматтык ресурстарды колдонууга;

- кошумча (аны төлөп) билим берүүнүн тейлөөлөрүн алууга ;

- Уставдын аныкталуучу формада жалпы билим берүүчү уюмдун башкаруусуна катышууга;

- адамдык сапаттарды сыйлоого, ыймандын жана маалыматтын эркиндигине, өз көз карашын жана ишенимдерин эркин айтууга .Окуучуларга денелик жана психикалык зордук кылуу методдорун колдонууга жол берилбейт.

7.6 Коомдук уюмдарга окуучуларды кирүүгө мажбурлоого, ошондой эле уюмдарда аларды ишкердүүлүккө тартууга жана үгүт компанияларына катыштырууга жол берилбейт.

7.7. Жалпы билим берүүчү программаны толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска көчүрүлөт.

7.8. Окуучулар жалпы билим берүүчү уюмдун Уставын аткарууга,ак нийеттүүлүк менен окууга,уюмдун мүлкүн көздүн карегиндей сактоого, башка окуучулардын жана кызматкерлердин ар-намысын сыйлоого,жалпы билим берүүчү уюмдун кызматкерлеринин талаптарын аткарууга милдеттүү. Жалпы билим берүүчү уюмдардагы тартип окуучулардын,педагогдордун, жалры эле кызматкерлердин адамдык кадыр-баркын,абийир-беделин сактоого таянылат.

7.9. Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) укуктарга ээ:

-Жалпы билим берүүчү уюмдарды жана жалпы билим берүүчү уюмдарда окутуунун формасын тандоого;

- балдардын кызыкчылыктарын жана мыйзамдуу укуктарын сактоого;

-жалпы билим берүүчү уюмдардын Уставында бекитилген формада жалпы билим берүүчү уюмдардын башкаруусуна катышууга .

7.10. Ата-энелер (аларды алмаштыруучулар) жалпы билим берүүчү уюмдун Уставын аларга тийешелүү укуктарды жана милдеттерди аткарууга, балдардын билим алуусу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө,алар үчүн жоопкерчиликти алууга,баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын принциптерин сактоого милдеттүү.

7.11. Ата-энелердин (аларды алмаштыруучулар) башка укуктары жана милдеттери жалпы билим берүүчү уюмдардын Уставына ылайык алардын жалпы билим берүүчү уюм менен түзүлгөн келишимде бекемделет.

7.12. Жалпы билим берүүчү уюмдарды персоналдарды комплектештирүү анын Уставы менен регломенттелет.Педагогикалык ишке алган адистиги жана кызмат орду боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына ылайык,билимин тастыктаган документи бар зарыл педагогикалык квалификацияга ээ,адамдар,ошондой эле 3 айга сыноо мөөнөтү менен жалпы билим берүүчү уюмдун педагогикалык кеңешинин чечими менен адистикке ээ эмес адамдар кабыл алынат.

7.13. Жалпы билим берүүчү уюмдардын администрациясы менен кызматкерлеринин мамилеси Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамы менен жөнгө салынат.Эмгек келишиминин мөөнөтү Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндөгү мыйзамына ылайык кызматкер менен кызмат берүүчүнүн ортосундагы эмгек келишиминде аныкталат.

7.14. Жалпы билим берүүчү уюмдардын кызматкерлери укуктарга ээ:

- Жалпы билим берүүчү уюмдардын Уставында аныкталган тартипте жалпы билим берүүчү уюмду башкарууга катышууга;

-кесиптик кадыр баркты жана абийирди коргоого ;

-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана билим берүү тармагында башка нормативдик документтердин негизги жоболоруна ылайык окуучулардын билимдерин, ыкмаларын жана жөндөөмдөрүн баалоонун методдорун, окутуунун жана тарбия берүүнүн методикасын, окуу китептерин, окуу куралдарын жана материалдарын эркин тандоого, колдонууга жана түзүүгө;

- кесиптик квалификациясын жогорулатууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамында бекитилген социалдык гарантияларга жана жеңилдиктерге,кыскартылган эмгек жумасына жана төлөнүүчү эмгек өргүүсүнө.

7.15. Мугалимдерге жана башка педагогикалык кызматкерлерге окуу жүгүнүн (педагогикалык иш) көлөмү окуу планы боюнча сааттардын санынан, кадрлар менен камсыз болушкан, билим берүүчү уюмдун башка конкретүү шарттарынан карап белгиленет. Айлык акынын ставка үчүн окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иштин) саатардын нормасынан көп же аз экендиги кызматкердин жазуу макулдугу менен гана белгиленет. Окуу жылынын башында белгиленген окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иштин) класстардын (топтордун) кыскарышы, окуу планы жана окуу программасы боюнча сааттардын кыскарышы менен гана кыскарбаса, администрациянын демилгеси боюнча окуу жылынын ичинде кыскартууга болбойт.

7.16. Жалпы билим берүүчү уюмдардын башка категорияларындагы персоналдарынын укуктары жана милдеттери жалпы билим берүүчү уюмдардын Уставынын типтик квалификациялык мүнөзүнө ылайык аныкталат.

## VIII. Жалпы билим берүүчү уюмдун структурасы.

8.1. Жалпы билим берүүчү уюмдардын структурасы ушул Уставдын жана алдыга коюлган маселелерди эске алуу менен жалпы билим берүүчу уюмдун директору тарабынан аныкталат, Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгында бекитилгет.

8.2 Персоналдын саны окуучулардын санына жана каржылык ресурстарга жараша өз алдынча жалпы билим берүүчү уюм тарабынан аныкталат.

## IX. Жалпы билим берүү уюмдарын башкаруу.

9.1 Жалпы билим берүү уюмдарын башкаруу «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз республикасынын мыйзамына жана жалпы билим берүүчү уюмдун Уставына ылайык, демократиялуулук, ачыктык, жалпы адамзаттык баалуулуктарды адамдын ден соолугун жана жашоосун коргоо, инсандын эркин өнүгүшүн сактоо принциптеринде ишке ашырылат.

9.2. Жалпы билим берүүчү уюмдарды башкаруунун жогорку органы болуп жалпы билим берүүчү уюмдардын ишкердүүлүгүн координациялоочу Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгы эсептелет.

9.3. Жалпы билим берүүчү уюмдарды тикеден-тике башкарууну КРнын мыйзамына ылайык Уставда аныкталган тартипте дайындалган директор ишке ашырат.

9.4. Жалпы билим берүүчү уюмдун директору:
- педагогикалык коллективди жетектөөнү ишке ашырат;
- кадрларды туура тандоону жана коюну камсыз кылат;
- эмгектик төлөмдү жана қызматкерлерди сыйлоо жөнүндө ички жобону бекитет;
- эсептик жана каржылык документтерге биринчи кол коюуга укуктуу;
- бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча чыгашалар боюнча сметаны бекитет;
- чыгашалардын сметалары жөнүндөгү отчётторго жана балансрады бекитет жана кол коёт;
- чыгашалардын сметаларынын бекитилишине ылайык жалпы билим берүүчү уюмду өз учурунда жана толук каржылоону, каражаттарды максаттуу пайдаланууга көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырат;
- кызматкерлердин квалификацияларын жана идеалык-теориялык деңгээлдерин жогорулатуу үчүн зарыл шарттарды түзөт;
- класстык жана класстан тышкаркы иштерди уюштурууга жана мазмунуна, окуучулардын билимин жана жүрүм-турумунун сапатына көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырат.

9.4 Директор жалпы билим берүүчү уюмдун атынан иш алып барат, келишимдерди түзөт, алардын ичинде эмгек келишимдери, ишеним каттарды берет, банкта эсеп ачат;
-белгиленген тартипте штаттарды бекитет, жалпы билим берүүчү уюмдун бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү буйруктарды чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет, бекитүү үчүн жалпы билим берүүчү уюмдун перспективдүү, жылдык жана кезектеги иш пландарды билим берүү башкармалыгынын органдарына киргизет.

9.5. Жалпы билим берүүчү уюмдун директору келишимдин (контракт) жана ушул Уставдын, Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган өзүнүн функционалдык милдеттерине ылайык өзүнүн ишкердүүлүгү үчүн коомчулуктун, мамлекеттин жана ата-энелердин алдында персоналдык жоопкерчиликти алып жүрөт.

9.6. Жалпы билим берүүчү уюмдарда өзүн-өзү башкаруунун формасы болуп жалпы билим берүүчү уюмдардын педагогикалык,камкордук (попечителдер) кеңеши, эмгек коллективинин жалпы чогулушу эсептелет.

9.7. Жалпы билим берүүчү уюмдун камкордук кеңеши (попечителдик) болуп жалпы билим берүүчү уюмга бюджеттен сырткары каржылоо жана ага уюштуруучулук, каржылык жана кеңеш берүүчүлүк жардам үчүн түзүлгөн спонсорлордун өз ыктыярдуу бирикмеси эсептелет. Камкордук кеңеш жалпы билим берүүчү уюмга берилүүчү каражаттарды жана мүлктөрдү пайдалануу боюнча чечимдерди кабыл алуу жолу менен башкарууга катыша алат.

9.8. Окуу-тарбия процессин өнүктүрүү жана жакшыртуу,мугалимдердин жана тарбиячылардын чыгармачылык өнүгүшү жана кесиптик чеберчилигинин жогорулашы үчүн жалпы билим берүүчү уюмда Педагогикалык кеңеш иштейт. Педкеңеш жалпы билим берүүчүуюмдун директорунун төрагалыгы алдында жалпы билим берүүчү уюмдун педагогикалык кызматкерлерин бириктирүүчү коллегиалдык орган.

Педагогикалык кеңеш:
- билим берүүнүн мазмунун,окуу-тарбия иштеринин формаларын,методдорун жана аларды ишке ашыруунун ыкмаларын талкуулайт жана иштеп чыгат;
- кийинки класска окуучуларды көчүрүү,кийинки класска шарттуу түрдө көчүрүү,ошондой эле ата-энелер (аларды алмаштыргандар)менен бирдикте алардын макулдугу боюнча үй-бүлөлүк билим берүү формасында кайталап окутууга окуучуну калтыруу жөнүндөгү чечимдерди кабыл алат. Жалпы билим берүүчү уюмдардын педагогокалык кеңеши зарылдыгына жараша директор тарабынан чакырылат.

## X. Каржылоонун булактары жана каражаттарды пайдалануунун тартиби.

10.1. Жалпы билим берүүчү уюмдардын каржылык каражаттарынын негизги булактары болуп эсептелет:
- республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттары;
- башка адамдардын жана юридикалык жактардын өз эрки менен берген каражаттары; - продукцияларды жана тейлөөлөрдү ишке ашыруудан (реализациялоодон) түшкөн,ошондой эле башка уруксат берилген өз алдынча ишкердүүлүктүн түрлөрүнөн түшкөн кирешелер;
- окуучуларга көрсөтүлгөн кошумча акы төлөп окутуп тейлөөдөн алынган ата-энелердин (аларды алмаштыргандардын) каражаттары;
- эл аралык уюмдардын гранттары;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамына карама-каршы келбеген башка булактар.

10.2. Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен жалпы билим берүүчү уюмдарды каржылоо жалпы билим берүүчү уюмдардын тибине жараша бир окуучуга эсептелген бюджеттик каржылоонун минималдык стандартынын негизинде жан башынын нормативи боюнча ишке ашырылышы мүмкүн.

10.3. Жалпы билим берүүчү уюм болгон каржылык каражаттар өз алдынча колдонотЖалпы билим берүүчү уюм квалификациялык талаптарга ылайык бирдиктүү тарифтин негизинде айлык акынын (кызматтык акы) ставкасы кызматкерлерге белгиленет жана аттестациялык комиссиянынын чечими менен эмгекти төлөп берүүгө багытталган каражаттардын чегинде үстөк акы, кошумча төлөм жана башка стимулдаштыруучу мүнөздөгү төлөп берүүлөр, ошондой эле штаттык жүгүртмө жана кызматтык милдеттерди бөлүштүрүү аныкталат.

## XI.Уставга өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу.

11.1. Бул Уставга өзгөрүүлөр жана толуктоолор эмгек коллективинин жалпы чогулушунда кабыл алынат, Кыргыз Республикасынын мыйзамында бекитилген тартипте регистрацияланат жана уюштуруучулар тарабынан бекитилет.

## XII. Жалпы билим берүүчү уюмдардын ишкердүүлүгүнө көзөмөл.

12.1. Жалпы билим берүүчү уюмдардын ишкердүүлүгүнө көзөмөл бул Уставда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

XIII. Жалпы билим берүүчү уюмдардын ишкердүүлүгүн токтотуу.

13.1. Жалпы билим берүүчү уюмдардын ишкердүүлүгү жоюлганда же кайрадан түзүлгөндө (биригүү, кошулуу, бөлүнүү, кайра жаралуу) уюштуруучулардын же соттун чечими боюнча токтотулат.

13.2. Жалпы билим берүүчү уюмдарды жоюуда же кайра түзөөдө, ереже боюнча, окуу жылынын аягында уюштуруучу окуучуларды башка билим берүүчү уюмдарга ата-энесинин (аларды алмаштыргандардын) макулдугу менен которууга жоопкерчиликти өзүнө алат.

13.3. Жоюу жоюп жиберүүчү (ликвизациялык) комиссия тарабынан мыйзамында каралган тартип боюнча жүргүзүлөт.

13.4 Жалпы билим берүүчү уюмдардын ишкердүүлүк процессинде пайда болгон докуметтер «Кыргыз Республикасынын улуттук архивдик фонду жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

Прошнуровано
и
пронумеровано
на 16 листах

Директор

16 барак катары менен
бооланып, номерленген